السنّة النبوية وعلومها
www.sunnah.global

# Аллах жоопкер кылып койгон пенде, ал өлөөр күнүнө чейин карамагындагыларды алдап жүрүп өлсө, Аллах аны бейишке кирүүсүн арам кылат

Маъкил бин Ясар Аль-Музани, радыяллаху анху, риваят кылып айтты: Мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай дегенин уктум: «Аллах жоопкер кылып койгон пенде, ал өлөөр күнүнө чейин карамагындагыларды алдап жүрүп өлсө, Аллах аны бейишке кирүүсүн арам кылат».
[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, Аллах Таала ар бир адамды башкаруучу жана адамдарга жооптуу кылып койгонун кабарлап жатат. Амир сыяктуу жалпы башкаруучу болобу, же өз үйүндөгү эркек жана өз үйүндөгү аял сыяктуу жеке башкаруучу болобу, айтор, ал өз кол алдындагы адамдын акысында кемчилик кетирип, аны алдап, ага насаат айтпай, анын диний жана дүйнөлүк акыларын текке кетирсе, анда ал бул катуу жазага татыктуу болот.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/5335

النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee